# ШААРЫМ МЕНИН ЫРЫМДА

Тили да ширин оштуктун.
Дили да ширин оштуктун.
Келиңиз, сиз - деп сүйлогон.
Мен болом кызы оштуктун.

## ОШТУКМУН

Ар кошкон улут жанаган,
Жери да кенен оштуктун.
Меймандос, жайылдастаркон,
Сый -урмат күткон оштукмун.
Айгүл МАТИЕВА

## ҮЧ МИҢ ЖЫЛ ТОЛДУ ОШУМА

Обону : Салкын Эргешованыкы
Сөзү: : Толкун Бегалиевныкы

Багытына айдап ар кыл замандар
Басыгынан арыбаган кадамдар
Бай тарыхы алтын мурас Ош жери
Байыркынын баарысынан кабардар
Үмүттор үндон Ошума
Үстүндо үркор коштуна
Сыйынып жанайт сыймыгы-
Сулайман ыйык тоосуна
Тогуз жолдон толкун ысык саламдар
Тосуп чыгып кучак жайган жарандар
Даңазасы даңкка болон Ош жерин
Мекендеген нечен асыл адамдар
Элдери сүйгон Ошума
Элестеп бери коштуна
Ыргагын арнайт Ак- Буура
Ырыска шерик досуна
Тогошордо жаңы кылым күндору
Толгон турат үч миң жылдык күрдолу
Торколуу той оболгон Ош жери
Ооматына суктандырат дүйнону
Үч миң жыл толду Ошума
Үзүрүн мезгил кошууда.
Жакшылык ойлор жаратат,
Жалпы журт күткон окуя.

*Жуманалы Насыров*

## МАНАСТЫН ОШТУН СУЛАЙМАН ТООСУНАН МЕККЕГЕ ЗЫЯРАТ САПАРЫ

### ( Фрагмент)

Бисмилла деп баштайлы,
Манастан дастан айтайлы,
Манас, Манас туулду,
Кудайдын берген кулуну
Алланын айткан уулу.
Туулганда колдору,
Муштумдары жумулду.
Муштумун ачып караса,
Алаканда ак мөөрү,
Манас деген жазуусу,
Жарк этип козго корүндү.
Алакан жайып Ак балта,
Аллага, ыраазы болгону,
Сүйүнүчко чыдабай,
Козүнон жашы тогүлдү.
Азан айтып Манаска,
Жар сал деди молдону:
Манас, Манас туулду.
Жакып бийдин уулу,
Кыргыз элдин кулуну.
Манас, Манас аты бар,
Алаканда каты бар,
Манас, Манас болгону.
Манас атка конгону,
Беш пайгамбар колдоду.
Беш пайгамбар аттары,
Бешоонун башкы тамгасы:
Мухаммед алай саламы,
Адам ата авасы,

Бойонхандан Чалыхан
Чалыхандан Абахан
Абахандан Карахан
Карахандан тараган.
Кадырлуу Жакып баладан
Кабылан Манас туулган.
Айкол атка конгону,
Хан атагы буюрду.
Жеңишке жеңиш кошулду,
Ааламга аты угулду.
Атагы чыккан, эр Манас
Ажыга бармай болгону. . .
Беш пайгамбар колдоду,
Меккеге бармай болгону,
Манастын чоро, достору
Койлуу чоро Ошпурга
Ошко келип топтолду
Сулайман тоодо мейманда
Жайнамаз салып олтурду
Беш убак намаз окуду
Башында Манас олтурду
Ажыбай Ажы молдосу
Алмамбет, Сыргак, Токобай,
Кара жаак Каратай,

Санжырасын кыргыздын -
Ажыбайга айттырып,
Меккеге бармай болушту.
Макка Тилла шаарына
Каба Тилла алдына
Керемет кара Ташына
Алла таала алдына
Зыяратка Аллага
Меккеге бармай болушту!
Тахты Сулайман чордону,
Керемет Тахты жонүндо,
Аңгемени козгошту.
Бисмилла деп Ажыбай,
Тарыхынан соз кошту:
Кереметы эң күчтүү,
Беш пайгамбар болгону,
Бештин бири Сулайман,
Аллага сүйкүм болгону,
айтып, азиз тахтысы,
Жаннатка отуп кеткендей,
Тортүнчү кабат жаннаттан,
Коргон дешет Мухаммед.
Мухаммед алай саламы.
Михражга отүп барганы,
Сулаймандын Тахтына,
Эки рекет намазды,
Окуган дешет дуаны.
Кереметтүү эң күчтүү.

## ОШ

Өмүр болсо пахтасындай аппак,
Ошум аны чимирилтет ийиктей.
Эл сыйынчуу, мен кыйылчуу ыйыгым,
Жагат мага бараткандың бийиктей.

Канча кылым үмүт ташып сүттөй ак,
Бүтүн деле Ак- Буурасы оштонот.
Күү жараттым мен да сага, эми ал
Оштун шаңдуу үнү менен коштолот.

Сүйкүмдүүсүң билет сени бүт баары,
Карагандай асмандагы жылдызды.
Сага урмат, таазим кылам Ош пирим,
Канча мезгил сактап келдиң кыргызды.

Мага өзгөчө жакынымсың, сен менен,
Бөлүшөмүн кубанычымды , санаамды,
Сенден алга ыраактасам эле мен,
Сагынамын көрбөгөндөй баламды.

Сага бардыр жеткен дагы, жетпеген,
Көрүү жыргал Ошум сага бир барып.
Сен эч качан жок эмессиң, өчпөйсүң,
Бүтпөгөндөй дүйнөдө бул жарык.

Мадали БАЙТАБАЕВ,
Кызыл—Кыя шаары.

# ОШ ШААРЫМ

Мунарыктуу бийик тоолор корүнгон,
Кыйры чексиз Фергананын торүнон.
Орун алган ордолдуу Ош шаарым,
Кыргызымдын кооз, корком жери сен.
Ак-Буурасы агып жатса онтогуп,
Керме-Тоосу келберсинип керилген.

**Кайырма:**

Чыгыштын жанган чырагы,
Элимдин асыл турагы,
Жаңырып улам Ошумдун,
Жаркырай берсин чырайы.
Кут түшкон корком шаарыма,
Артылат сүйүү кумары.

Санжырасы сан кылымдан куралган,
Ордолуу Ош доорлор менен сыналган.
Бириктирген Чыгыш менен Батышты,
Жибек жолу Ош аркылуу чубалган.
Пейил, кутум тазалаган элдердин,
Касиеттүү ыйык тоон-Сулайман.

**Кайырма:**

Ошум бүгүн жарык нурлуу жолдосуң,
Жаштар үчүн акыл, билим ордосуң.
Эр Манастын, Ош пиримдин, Бабурдун
Кудурети калкты дайыма колдосун,
Ыйман, ырыс, достук чачкан элдерге,
3000 жылың ак жолтой чоң той болсун!

Камалдин СУЛТАНБАЕВ.

Мухаммед алан саламы,
Адам ата авасы,
Нух пайгамбар дуvасы,
Арун азиз бабасы,
Так Сулайман тагасы.
Бешоонун башкы тамгасы,
Манас болуп калганы.
Манас, Манас болгону
Манас атка конгону
Мусулмандын баатыры
Манас атка конгону
Жакып бийдин баласы
Түрк атанын авлаты
Кара кыргыз уруусу
Алланын берген буйругу
Кыргыз элдин кулуну!
Санжырасы Манастын-
Ай, ааламга угулду:
Түрк атадан таркаган
Түнкү атасы Бойонхан

Алмамбет, Сыргак, Токобаи,
Кара жаак Каратай,
Ырамандын ырчы уулу
Тынбай ырдап олтурду
Жети жүз кыргыз уруусу
Токпойкачыдай бирини
Кааба Тилла Меккеде
Айтып бермей болушту.
Ала-Тоо кыргыз журтунан
Салам айтмай болушту.
Ысык-Кол, Талас элинен,
Нарын менен Текестен,
Жалпы эле кыргыз жеринен,
Зыярат кылмай болушту.
Тоолорго тилла арттырып,
Аттарга кымкап жаптырып,
Огузго күмүш арттырып,
Оңчой ырчы акынга,
Санжыраны айттырып,
Сузултуп кыяк чалдырып,

Кереметтүү эң күчтүү.
Бен пайгамбар болгону.
Бешоонун ажиз экоосу,
Алланын алай саламы,
Сулайман менен Мухаммед,
Сулайман Тоону коргонун,
Ажыбай айтып салганы.
Анда Манас бурулуп,
Кыбыланы карады.
Жайнамазды жайганы,
Каба тилла Меккеге,
Салам айта баштады.
Маккан, Мукарам,
Мединан, Мунаввар,
Мухамеди Мустафа,
Салаллоллоху аллейхи салам! деп,
Дуба окуй баштады.
Манастын Чоро досторy,
Жабыла намаз окушту.

# ЧАП, ЧАБАРМАН, АЛА-ТООНУ АРАЛАП!

Алтын канат жайган керегe,
Ал олкомдун алтын дубаны.
Атан корсок уктуп ар бири,
Улуттардан окул. Туурабы?
Баш коңушун жалгыз түндүкко,
Бүтүндүктү түзгон убагы.
Кылымдарды келет карытып,
Кыргызымдын боз үй-турагы.

Ордолуу Ош деп чыгып үнүбүз,
Ободо шаң, артып сүйүүбүз.
Отуз кылым омүр сүргонүн,
Оозго алып бүгүн жүрүбүз.
Үлгү болуп кайра жаңырат,
Үч кабаттуу корктүү үйүбүз.
Сиз да тойдо досчо, тууганча,
Символубуз—боз үй тигиңиз.
Чар таранка чабарманды анда
Чаптыралы, келди күнүбүз.

Сен, чабарман, жарчы милдетин,
Сез, озүңо жүгүн арткыныц.
Баш калаабыз Бишкекти коздой,
Багыт алып, санар тарткынын.
Сары-Озондүү Чүйдүн боорунa,
Саламын так Оштун айткынын.
Токтоп ар бир шаар, айылга,
Токмокко жет, анан кайткынын.

Коздүн жоосун алган келбети,
Кадимден кооз кыргыз жергеси.
Корком создор менен айтканда,
Кол чолкому жердин бермети.
Корүп тойду, коңул которуп,
Колдукторго таандык торго отүү.
Минип жоно анда турбастан,
Милдетин да атты тердетүү.

Озго элдер коңул болушуп,
Белгиледи дүйно "Манасты".
Элиме опол эпос майрамы,
Айталгыстай укмуш жаранты.
Тарыхы узак тектүү кыргызды,
Таңданышып баары караашты.
Мен барамын ыйык жерге деп,
Чабармандар боодо талашта.
Чыйрак, тыңың кабар бергиле,
Чыңгызыбыз жери Таласка.

Ошум бүгүн угуп шаңылды,
Орто Азия бүтүн жаңырды.
Бизде да бир бийик дубан бар,
Жаркыраткан түнү баарыңды.
Коп-коп иштер ага таандык.
Корктондүрө турган шаарымды.
Айтылуу той жонун баяндап,
Айткылагын тоолуу Нарынды.

Чабарманым ошол таранка,
Шыр камчыла керип арымды.

Болүнүшүп, кайра биригип,
Жалал-Абад менен Оширим,
Жапоолору бирге делишип.
Келе жатат экоо жанаша,
Эзелтеден аты корүнүп.
Кечке калып, уят болбойбу,
Таарынбасын кабар кеч берилип.
Күлүктү мин, кана чабарман,
Угушса алар турбайт элирип. ..

Оо, калайык, калкым, Оштугум!
Ишке ашууда максат, умтулуун.
Да бир жолу дайын болсунчу,
Дүйно элине меймандостугуң.
Чар тараптан келет адамдар,
Чай, жай болсун белен, тоскунуң!
Ар-намысты сынаар бул тойго,
Ар бириңер салым кошкунуң!
Чап, чабарман, Ала-Тоону аралап,
Аргымакчап учкан куштай сабалап!

Сайпидин РАХМАНБЕРДИЕВ

**• ОШ-3000ге**

# ОРДОЛУУ ОШУМ – МЕКЕНИМ

Күн отүп жылдар жарышып,
Кылымды кылым карытып.
Жибек жол болуп кан жолу,
Жүздогон кербен жүк артып.
Отүнгон откон заманда,
Ош пирим колдоп жол тартып.

**Кайырма:**

Сукталтып нурдан бүткондой,
Сулайман тоонун бир озү.
Оолуп күндон түшкондой,
Ордолуу Оштун жүрогү.
Сулайман тоонун бир озү,
Ордолуу Оштун жүрогү.

Ак-Буура коштоп сулуулук,
Ааламга атың угулду.
Корктонүп күндо Ош шаарым,
Кооноргүс достук курулду.
Ата Журт, Ала-Тоо менен,
Аркала далай кылымды.

*Алибай Барпиев*